**Өзгөн эл аралык медициналык колледжи.**
**Адистиги: 060108 "Фармация"**
**1-фарм 1-25 агымынын кураторлук саатынын**
**№23 ПРОТОКОЛУ**
**Өткөрүлгөн күнү:** 2026-жылдын 28-***февраль***
***Өткөрүлгөн орду: №*** 103 окуу аудиториясы
**(Куратор:** Жаанбаева З.Н.
**Катышкандар:** 1 фарм1-25 агымынын студенттери (тизме тиркелет)

**КҮН ТАРТИБИ:**

1. ОшМУнун «Студенттердин билимин баалоонун модулдук баллдык-рейтингдик системасы жөнүндө» жаңыланган Жобосу (2025 жылкы) менен тааныштыруу.
2. Өз алдынча иштерди (СӨАИ) аткаруу жана баалоо тартиби.

**УГУЛДУ:**
**Куратор Жаанбаева З.Н.** күн тартибиндеги биринчи маселе боюнча кеңири маалымат берди. Ал ОшМУнун 2025-жылкы жаңы Жобосуна ылайык, студенттердин билимин баалоо ачык-айкындуулук жана объективдүүлүк принциптерине негизделгенин белгиледи.
**Негизги токтолгон пункттар:**
**Баллдык-рейтингдик система:** Ар бир дисциплина боюнча студенттин жетишүүсү семестр ичиндеги учурдагы, аралык (модулдук) жана жыйынтыктоочу көзөмөлдүн негизинде бааланат. Мугалим 4 баллды теориялык жана практикалык сабактарга катышканына карап койот, ал эми компьютер маеу.ду системасы 4 баллды өзү автоматтык түрдө сабактан алган баанарга карап берет. Ошондо студент эгер дисциплинасы 4 кредиттен жогору болсо 1 модулга сабакка катшыкандыгы боюнча мугалим 4балл, компьютер 4балл, СӨАИге 8 балл, ал эми ар бир модулга 9 баллдан берет. Ошентип 1 модулда-25 балл, 2 модулда -25 балл, жалпы 50 балл ала алат. Ал эми 2,3 кредит болсо анда 1 эле модуль тапшырасыңар баллдар 2 эсеге көбөйтүлүп коюлат.
**Баалоо критерийлери:** Студенттердин сабакка катышуусу, практикалык иштерди өз убагында аткаруусу жана теориялык даярдыгы негизги көрсөткүчтөр болуп саналат.
**Өз алдынча иштер (СӨАИ):** Жобонун 7.9-пунктуна ылайык, СӨАИ жалпы баанын маанилүү бөлүгүн түзөт (60% чейин жетиши мүмкүн). Аны аткаруу методдоруна: презентациялар, баяндамалар, тесттик тапшырмалар жана рефераттар кирери түшүндүрүлдү.
**Кайтарым байланыш:** Окутуучулар ар бир ишти критерийлер боюнча баалап, студентке өз каталарын оңдоо үчүн кайтарым байланыш берүүгө милдеттүү экени айтылды.

**ТАЛКУУ:**
**Студент Жоробекова Арзыкан:** "Эгерде модулдан төмөн балл алып калсак, кайра тапшыруу тартиби кандай болот?"
**Куратор Жаанбаева З.Н.:** Жободо көрсөтүлгөн мөөнөттөрдүн ичинде жана белгиленген тартипте кайра тапшырууга мүмкүнчүлүк берилерин, бирок негизги максат — сабактарды калтырбай, өз убагында балл топтоо экенин эскертти.

**ЧЕЧИМ КЫЛЫНДЫ:**

1. ОшМУнун студенттердин билимин баалоо боюнча жаңы Жобосу (2025) жетекчиликке алынсын жана аткарууга кабыл алынсын.
2. Студенттерге СӨАИ тапшырмаларын өз убагында жана сапаттуу аткаруу жагы милдеттендирилсин.
3. Академиялык карыздарды болтурбоо максатында ар бир модулдун жыйынтыгын мониторингдөө куратор тарабынан көзөмөлгө алынсын.

**Төрайым (Куратор):** ____________ / Жаанбаева З.Н. /
**Катчы:** ____________ / Токтомбаева Э. /

Сканировано с CamScanner